**1998-жыл 27-январь. АКШнын "ШАТТЛ-СПЕЙС" космос кораблинде Кыргызстанда туулган мекендешибиз Салижан Шариповдун космос мейкиндигине учкандыгы баарыбыздын эсибизде. Кыргыз Республикасынын тарыхындагы №1 космонавт Салижан Шарипов болду. Ал Кыргызстандын Туусун, Президенттин сүрөтү түшүрүлгөн килемди космоско алып барып, келди.**

**Анын кыска мөөнөттөгү учуусунда Кыргызстандын жерин кичинекей чекиттей гана көргөндүгүн айтып, кийинки учуусунда өз жерине көптөгөн байкоолорду жүргүзөм - деген тилеги орундалып, ушул жылдын 14-октябрында кайрадан алты айлык мөөнөткө космоско сапар алды.**

*Сапар таасирлери*

# Байконурдагы эки күн

Эс алууга келгенде жолугушуп, космонавттардын иши, турмушу, иш-пландары жөнүндө сүйлөшкөнүбүздө ал "Сиз биздин учканыбызды көрүшүңүз керек, барасыз" - деген сөзүн көп кайталап айтаар эле. Бул жолу туз насип буюруп, Шариповдун үй-бүлөсүнүн чакыруусу менен, Байконур шаарына барып, Салижандын космоско учуруу салтанатына күбө болдук.

Оболу 11-октябрь күнү Ош шаарындагы "Достук" чек ара, бажы постунан өтүп, Оштон 500 километр алыста турган Ташкен шаарына сапар алдык.

Салижандын эже-карындаштары, ага-инилери менен бирге узатуу сапарында Өзгөн шаарынын тургундарынан өкүл болуп Осмонали Укуев, "Туран" фондусунун төрагасы Авазбек Турсунбаев да бар эле. Баарыбыздын ой-тилегибиз Салижандын сак-саламат космоско барып, аман эсен келиши эле. Жол ката анын балалык чагы, жанда жок боорукердиги, улуу адамгерчилиги, беттеген ишин бүтүрмөйүн койбогон эрки, аракети жөнүндө сөз кылып бардык. Ушундай аракеттер гана анын өтө жооптуу татаал, космостук ийгиликтерди жаратарына башат болгондур.

Биздин "экипаж" Андижан-Наманган облустарынын гүл бакка оронгон көчөлөрүн аралап олтуруп, на макул болбой, анын ден соолугун аяп жатса да, "мага оор болсо да сөзсүз барам, Салижанды биринчи жолу Америкадан учурсам, эми Байконурдан учурам" - деген кыска жообун айтып, биз менен барарын билдирди.

1999-жылдан бери өз уулундай көрүп, көп кеңешин айтып, моралдык-материалдык колдоо көрсөтүп, космоско учууга дем берген, тарбиялаган, Шавхат Ахатович Салижан Шариповду Америкадан учуп жатканда кораблинин ичи менен таанышып, орундуктарына олтуруп, батасын берип, узаткан болсо, эми минтип Байконурга 31 кишини

ду. Шаарда бизди тосуп алган В.Н.Челомей атындагы Эл аралык космикалык мектебинин директору М.Шаталов болду. Ал Байконур шаары жөнүндө кыскача маалымат берди. Байконур шаарында 72 улуттан турган 70 миң калк жашайт экен. 12 мектеп бар. Анын бири Эл аралык космикалык мектеп. Шаардын көркүн ачкан, өз милдетин өтөп "эстеликке" коюлган ракеталар менен тааныштырды. Ракеталардын түрлөрү, алардын аткарган милдеттери жөнүндө маалымат берди. Ошол ракеталарды ойлоп тапкан академиктердин эстеликтерин көрүүгө да үлгүрдүк.

Түшкү саат 1 де Салижан Шарипов менен жолугушууга жөнөдүк. Биздин чыдамсыздык менен күткөн саатыбызга саналуу мүнөттөр калганда баарыбыз автобуска карай жөнөдүк. Биз түшкөн автобус космонавттардын жатаканасына жакындаганда адаттагыдай эле темир дарбазадан жоокерлер тосуп алышты. Өз милдеттерин аткарып, тизмебизди тактап, башкы командачысынын уруксаты менен бизди ээрчитип жөнөдү.

Жатакананын алдында кубанычы, сагынычы койнуна батпай, толкун-

тургучтарга олтуруп сүрөткө түшкөндөрү болду. Ал жерден көптөгөн ракеталардын түрлөрү менен таанышып да чыктык. Космос мейкиндигинде аткарылган тапшырмалар жөнүндө атайын документалдуу кино тасма коюп берди. Космонавттар жөнүндөгү атайын журналдар, китептерди барактадык.

Биздин көптөгөн таланттуу бал-



рынын ары-бери чуркаганынан улам космонавттарды сыртка чыгаруу мезгили келгендигин болжоп койдук.

Журналисттер менен пресс-конференция өткөрүлдү. "Союз ТМА-5" кораблинде уча турган эки россиялык космонавттар Салижан Шарипов менен Юрий Шаргин, америкалык космонавт Лерой

